**Кафедра иш берүүчүлөр менен кызматташты**

Бүгүн, Ош Технологиялык Университетинде,Өзгөчө кырдаалдардан коргоо кызматкерлеринин күнүнө карата иш чара болуп өттү. Бул салтанат Гуманитардык технологиялык колледжинин «Геология,жаратылышты пайдалануу жана коопсуздук» кафедрасы тарабынан уюштурулуп, ага жумуш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр, окутуучулар студенттер жана ата энелер катышышты. Окуу жайга Ош шаардык өрт өчүрүүчү, куткаруучулар мекемесинин өкүлдөрү келип, гуманитардык технологиялык колледжинин ӨКМбагытындагы орто билимге ээ болгусу келген студенттер менен жолугушуу өткөрдү. Жолугушуунун негизги максаты - студенттердин теориялык алган билимдерин практикада чыңдоо үчүн жетиштүү шарттарды түзүү, мыкты кадр болуп калыптануулары үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү колдонуу менен билим берүү.

Иш чаранын жүрүшүндө биздин университетти бүтүрүп, өз кесиби менен ийгиликтүү эмгектенип жатышкан бүтүрүүчүлөр - студенттерге бүгүнкү күндөгү өлкөбүздүн социалдык-экономикалык абалында бул багытты тандаган адистердин негизги ишмердүүлүгү тууралуу кеңири маалыматтарды беришти. Студенттер өздөрү кызыккан суроолорго жооп алышып, келечекте өз кесибинин мыкты ээси болууларына максат коюп жатышкандыгын белгилешти. Биздин окуу жайды бүтүрүп кетишкен бүтүрүүчүлөрдү бүгүнкү күндөгү ийгиликтери үчүн университеттин жамаатынын атынан куттукташты. Ошондой эле, аларга биздин университет менен тыгыз байланышып, кадр даярдоодо көмөк көрсөтүп келе жаткандыктары үчүн ыраазылык билдирилди. Салтанаттын жүрүшүндө окуу жайдын студентери тарабынан суроо жооп болуп өздөрүнө тиешелүү маалыматтарды алды.




acer




ирдей тартип